**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН “КӨК БӨРҮ” ФЕДЕРАЦИЯСЫ**

# «КӨК БӨРҮ» ОЮНУНУН ЭРЕЖЕСИ

**Кыргыз Республикасы Бишкек ш.**
**2025-ж.**

**Мазмуну:**


1. Оюн талаасы
2. Улакчы (улакчы)
3. Улакчынын кийими (формасы)
4. Ат (аргымак)
5. Ат жабдыктары
6. Улак (муляж)
7. Команда
8. Оюндун башталышы
9. Оюндун жүрүшү
10. Жекеме-жеке
11. Буллит
12. Жеңүүчү команданы аныктоо
13. Эреже бузулган учурлар
14. Калыстар тобу
15. Калыстар комиссиясы
16. Тартип комиссиясы

**«Көк бөрү» оюнунун эрежеси**

**1. Оюн талаасы.**


1.1. Мелдеш атайын «көк бөрү» оюну үчүн даярдалган талаада өтөт.

1.2. Оюн талаасы тик жана түз чийилет.

Талаанын узундугу 210 метр, туурасы 80 метр болуусу шарт, ал эми оюн талаасынын айланасы тосулган болсо – туурасын 70 метр кылууга уруксат.


1.3 Оюн талаасына жуулган кум төшөлөт. Кумдун калыңдыгы 6-8 см. болушу керек.

Оюн талаасынын схемасы




Тайказандын схемасы





## 2. Улакчы:

2.1.18 жашка толгон болуусу шарт;

2.2. мелдештердин алдында жобого ылайык медициналык көзөмөлдөн өтүүсү керек;

2.3. спирт ичимдигин, күүлөп-күчтөнтүүчү каражаттарын жана баңгизаттарды колдонгон улакчы оюнга кирбейт;

2.4. оюн эрежесин билүүсү керек;

2.5. оюн учурунда калыстарга толук баш ийүүгө милдеттүү;

2.6. минген атына камкор, аяр мамиле кылууга милдеттүү;

2.7. атаандаштарына командалаштарына, машыктыруучуларга, калыстарга, уюштуруучуларга сый-урмат менен мамиле кылууга милдеттүү.

## 3. Улакчынын кийими (формасы)

3.1. Улакчы оюнга милдеттүү түрдө форма жана коргоочу чопкуттар менен кирет. Баш кийимге: тебетей, каска, шлем кийүү шарт. Бул талаптарды аткарбаган улакчылар оюнга кирбейт.

3.2. Бардык коргоочу чопкуттар максималдуу түрдө улакчынын өзүнө жана каршылашына дагы коопсуз болуусу керек.

## 4. Ат (аргымак).

4.1. Мелдештерге ветеринардык көзөмөлдөн өткөн гана аттар катыша алышат;

4.2. Оюндун жүрүшүндө аттардын тиштебеши, теппеши жана арткы эки бутуна туруп чапчыбоосу шарт. Ушундай учурларда тиштээк, тебенээк аттарга бир эскертүү берилет, экинчи кайталанса ошол ат ошол оюндан четтетилет.

4.3. Мелдеш учурунда жаракат алып, ветеринарлар тарабынан оюнга чыгууга уруксат берилбеген аттардын катышуусуна тыюу салынат.

## 5. Ат жабдыктары

5.1. Оюнга катышуучу аттардын жабдыктарында улакчыларга жана аттарга жаракат келтириши мүмкүн болгон күмүш, жез, темир, сөөк жасалгалары болбошу керек.

Үзөңгүлөрдүн курч учтары, такалардын бурчуктары болбошу керек. Кышында жана оюн талаасы баткак болгон учурда бурчуктары мокок (0,5см) така болуусу тийиш.

Эрежеге туура келбеген жабдыктуу аттар, кемчиликтери жоюлмайынча оюнга кирбейт.

5.2. Тердиктин эки тарабына тең номер коюлушу керек.

5.3. Тиштээк аттарга башка аттарга зыян бербей турган деңгээлде жасалган тумшук кап кийгизилиши керек.

**6. Улак (муляж).**

6.1. «Көк бөрү» улактын (теке, серке) же алардын муляжы менен тартылат. Улактын союлгандан кийинки салмагы 30-32 кг, ал эми оюн талаасы баткак болсо, улактын салмагы 26-28 кг болушу керек. Эгерде улактын союлгандан кийин ичи алынса салмагын 30 кг кылуу шарт.

Муляждын салмагы – 30 кг. болушу керек.

**7. Команда**

7.1. Команда атчан 12 улакчыдан, машыктыруучу, саяпкер, жетекчи, такачы жана ат кошчудан түзүлөт;

7.2. Команданын өзүнө тиешелүү эки башка түстөгү 2 формасы болуусу шарт;

а) Формалардын түсү бир өңчөй болуусу керек;

б) Формадагы номерлердин стандарттары: артында – 300×150, алдында – 150×100 мм;

7.3. Команданын өзүнө тиешелүү туусу;

7.4. Медициналык жана ветеринардык дары-дармек кутучалары

7.5. Оюн учурунда команданын жанында машыктыруучу, саяпкер жана ат кошчудан турган жалпы үч адамдан тышкары эч бир адам болбошу керек;

**Билдирме:**

а) Командалар мелдештин жобосуна ылайык тиешелүү документтердин бардыгын белгиленген мөөнөттө мелдештин башкы калысына тапшырууга милдеттүү.

b) 12 улакчынын фото-сүрөттөрү менен өздүк баракчалары;

c) 12 улакчынын өздүгүн жана жаш курагын тастыктаган документтин көчүрмөсү (паспорт же айдоочулук күбөлүк же аскер билети);

d) улакчылардын медициналык маалымдамасы жана камсыздандыруу полиси;

e) ар бир улакчынын өз колу менен жазылган мелдешке өз ыктыяры менен катышып жаткандыгы жана мелдеште ден-соолугуна, өмүрүнө келтирилген тобокелчиликтерге өзүнүн жеке жоопкерчилик алуусу тууралуу милдеттеме.

f) 12 аттын паспорту фото-сүрөттөрү менен: маңдай жагынан жана туурасынан жалпы планда тартылган;

g) Аттардын ветеринардык көзөмөлдөн өткөндүгү тууралуу тастыктама.

**Эскертме:** мелдештердин жобосуна ылайык эң азы 8 атчан улакчыдан 12 атчан улакчыга чейин болушу керек. Эгерде чучукулак кармоо учурунда командалардын табыштамасынын курамы толук болбосо чучукулактан кийин улакчы дагы, ат дагы кошууга тыюу салынат жана ошондой эле чучу кулактан кийин аттардын да улакчылардын да курамын өзгөртүүгө тыюу салынат.

**Эскертме.** Эгерде мелдеш учурунда кайсы бир команданын чучу кулакка чейинки берилген табыштамасында көрсөтүлбөгөн улакчы же ат оюн талаасына чыккандыгы аныкталса ал команданы толук курамы менен Калыстар комиссиясы мелдештен четтетет.

**Эскертме:** Эгерде мелдеш учурунда аттын буту сынып же өлүп калса ордуна башка ат кошууга уруксат берилет.

**Эскертме**: командалар оюн учурунда арбитрга толук баш ийүүгө милдеттүү. Эгерде командалар арбитрдын чечимине макул болушпаса командалардын капитандары гана арбитрдан ошол жагдайды жардамчы калыстары менен биргеликте дагы бир ирээт карап көрүүсүн талап кылууга укуктуу. Арбитрдын чечими акыркы чечим.

**Эскертме :** командалардын арбитрга, жардамчы калыстарга, калыстар комиссиясына, уюштуруучуларга, наразычылыктары болсо оюндан кийин Тартип комиссиясына 1 саат аралыгында аларга чара көрүү максатында кагаз жүзүндө кайрылууга болот.

Командалардын мелдештен себепсиз чыгып кетүүгө укуктары жок, андайга тыюу салынат, аларга жана улакчыларына карата Калыстар комиссиясы тарабынан чара көрүлөт.

**Эскертме.** Мелдештердин жоболоруна, регламенттерине эрежеде каралбаган өзгөчөлүктөр (талаптар, чектөөлөр, тыюулар, жазалар, атайын уруксаттар) киргизилиши мүмкүн. Мындай өзгөчөлүктөр көк бөрү оюнун жакшыртуу, коопсуздугун күчөтүү максаттарында жана мелдештер өтүп жаткан жер шарты, аба-ырайына жараша киргизилиши мүмкүн.

## 8. Оюндун башталышы.

8.1. Оюн башталардан 20 минута мурда командалар текшерүүдөн өтүүгө тизилет. Текшерүү атайын даярдалган калыстар тарабынан жүргүзүлөт. Кечиккен командага калыстар тобунун чечими менен айып салынат. Текшерүү учурунда улакчылар жана алардын аттары жалпы талаптарга шайкеш келиши керек. Текшерүү учурунда командалардын кемчиликтери болсо, аларды тез аранын ичинде жоюшу зарыл. (Улакчылардын же аттардын эрежеге туура келбеген кемчиликтери болсо ошол аттар же улакчылар кемчиликтерин толуктамайынча оюн аларсыз баштала берет). Андан соң командалар оюндун арбитрына өткөрүлүп берилет. Ошол учурдан баштап оюн аяктап командалар элден соңку бата алганга чейин арбитрдын карамагында болот.

8.2. Командалар Көк бөрү гимни ырдалып жатканда тизилип оюн талаасына чыгып, эки жактагы тайказандарды айланып, оюн талаасынын ортосунда саламдашып, эл тарапка бата алууга тизилишет.

2.2. Оюн салт боюнча таза жана ак ойноого ант берүү менен башталат. Оюндун арбитры көрүүчү элге карап алакан жайып, анттын сөзүн айтат, аны улакчылар үндөрүн бийик чыгарып кайталашат:

***Ант***

**Калыс:**

- *О, кудуреттүү Жараткан! Кайрымдуум, баатырлар оюнуна кирип жаткан балбан билектердин антын кабыл кыл!*

**Улакчылар:**

- *Бабалар мурас калтырган, эрендердин эр оюну – «көк бөрүнү» ойноп жатып, Кудай алдында бул оюнга ак жүрөгүм менен кирип, эрежени бузбай, так сактап, ак ойнойм деп ант берем!*

*Оомийин!*

**Оюндун негизги шарттары:**

a) оюнду бир убакта ар бир командадан төрттөн улакчы ойнойт;

b) оюн талаасы эки командага тепе-тең бөлүнөт;

c) ар бир команданын өз «тай казаны» болот

d) оюн ар бири 15 минутага созулган 3 таймдан турат, жалпы убактысы – 45 минута. Ар бир тайм аяктаганда 10 минуталык тыныгуу берилет, ошондой эле оюндун убактысы мелдештин жобосуна жараша өзгөрүшү мүмкүн.

e) ар бир команда каршы команданын «тай казанына» көп улак салышы керек. Каршылашынын «тай казанына» көбүрөөк улак салган команда жеңишке жетет;

f) команда (машыктыруучу) оюн учурунда улакчыларды жана алардын аттарын билдирмеде берилген курамдагы улакчылар жана аттар менен алмаштыра берет;

**Эскертме:** тай казан тандоо чүчү кулак менен аныкталат. Кийин командалар тайм бүткөн сайын тай казандарын алмашат. Эгерде негизги убакытта эсеп тең чыкса, командаларга кошумча убакыт берилет, мында да тай казандар бир ирээт алмашылат.

## 9 Оюндун жүрүшү:

9.1 Командалар старттык чийиндин тушунда, оюн талаасынын сыртында, өчпөй турган белги менен белгиленген узуну 24 метр, туурасы 6 метр болгон атайын эки командага тең бөлүнгөн (ар бир командага 12 метрден) аянтчада болушу керек.

9.2 Көрүүчүлөр жактагы чийинден 25 метр бери жактагы кичи тегерекке улак ташталат. Эгерде улак туура эмес ташталса, арбитрдин чечими боюнча улак кайрадан кичи тегерекке ташталат;

9.3 Оюн талаасындагы улакчылар оюн талаасынын ичиндеги көрүүчүлөргө каршы жактагы старттык чийинге тизилүүгө милдеттүү;

9.4 Улакчылар ошол чийиндин чегинде туруп, оюндун арбитрынын ышкырыгы боюнча улакка чабуулдап жетип барып, эңип кетүүлөрү керек. Улак оюн талаасынын кайсыл жеринде жатпасын, эңип алууга 2 минута берилет (улак тайказандын жанында же башка кооптуу жерлерде жатып калса, арбитрдын өздүк чечими менен убакыт берилет).

9.5 Улакты эңип алуу, тартышуу тартиби «көк бөрүнүн» байыртадан келаткан эрежесине окшош. Оюндун кызыгын, улакчылардын кыйындыгын арттыруу үчүн ат менен жөөлөтүү (урдуруу эмес), улакчылардын бири-бирине колдорун тийгизбей, тулку-бой, көкүрөк-каруулары менен түртүшүү өңдүү күчтү талап кылган ыкмаларга уруксат берилет. Бирок улакты эңип жаткан улакчыны ат менен урдурууга болбойт.

Эгерде 2 минутанын ичинде улакты эч ким эңип албаса, оюн токтотулуп, улак жекеме-жеке тегерекченин кайсынысына жакын жатса, ошол тегерекченин ичинде эки улакчынын жекеме-жеке эңиши менен улантылат.

**9.7. Улакчылардын алмашуусу:**

Улакчылар оюн учурунда алмаша берет. Алмашуу оюн талаасынын сыртындагы командалар турган аянтчанын ичинде болуусу шарт. Оюн талаасынан чыгып келаткан улакчынын атынын тулку бою толугу менен аянтчага кирген учурда гана башка улакчынын оюн талаасына кирүүсүнө уруксат берилет. Улакчылар алмашуу аянтчасына бир гана оюн талаасы тарабынан киргенге жана чыкканга милдеттүү. Эгерде улакчылар алмашуу учурунда белгиленген жерден кирип чыкпаса, эрежеле бузуу болуп саналат. Оюн талаасында оюн учурунда ашыкча улакчы болуп калса эреже бузуу болуп саналат.

Эгерде оюн учурунда улакчы жыгылып, аты качып кетсе же ээр токуму ооп калса сырттан башка улакчынын кирүүсүнө уруксат берилет (ээр токуму ооп калган улакчы тезинен оюн талаасынын сыртына чыгып кетүүсү керек), ал эми улакчы кулап калган учурда ат тизгини колунда болуп же ат качпай калса тезинен атка минип оюнга аралашуусу шарт.

**Эскертме.** Оюн учурунда улакчы же ат жаракат алып калса алмашууга оюн талаасынын ыңгайлуу жеринен чыгып кетүүгө уруксат берилет.

9.8. Оюн арбитрдын ышкырыгы менен башталып кайра анын ышкырыгы

жаңырганча токтоосуз жүрөт.

Төмөнкү учурларда арбитр ышкырууга милдеттүү:

а) бир команданын «тай казанына» улак ташталганда б

) улакчылардын бири, же команда эреже бузганда

в) улак аутка чыкканда

г) бөлүктүк убакыт бүткөндө

д) жердеги улак 2 минутада эңилбесе

е) улакчыларга же аттарга кооптуу учур жаралса, оюнду токтотууга мажбур болгон жана башка учурларда.

9.9. Салым төмөнкү учурларда эсептелет:

а) улак «тай казанга» толук түшсө б)
улактын үчтөн экиси түшсө

**<u>Эскертме:</u>** Улактын үчтөн экиси тай казанга ташталганда каршылашы кармап калса да салым эсептелет. Улак «тай казандын» кырына туруп калган учурда, улакчы улакты тайказанга толугу менен түшүрүүгө аракет жасап жатканда, улакчы ат үстүндө же бир буту үзөңгүдө болушу керек.

9.10. Салым төмөнкү учурларда эсептелбейт:

а) тай казанга улактын үчтөн экисинен азы түшсө;
b) улак тай казандын кырына туруп калса;
c) улак тай казандын ичине кирип, бирок күү менен кайра чыгып кетсе;
d) улакчы тай казандын кырына туруп калган улакты жөө түртүп жиберсе же аттан үзүлүп калган улакчы улак менен кошо тай казандын кырына туруп калган улакты тай казанга түртүп түшүрсө.

9.11. Улак тай казанга түшүп, калыс аны упай деп эсептесе, оюн кайра старттык чийинден башталат.

9.12. Улак оюн талаасынан сыртка чыгып кетсе, оюн токтотулат жана жекеме-жеке менен улантылат. (10-пункт)

**Эскертме;** ауттук, оффсайттык, жекеме-жеке тегеректерин белгилеген чийиндерден улак чыкканда гана аут, оффсайт, жекеме-жеке тегерегинен чыккан болуп эсептелет. (Улакчынын (атынын) эмес улактын чийиндерден чыгуусуна маани берилет).

**Эскертме:** Төмөнкү учурларда улакчылар убакытты созбостон тез аранын ичинде оюн талаасынын улак ташталчу жерине улакты жеткирүүсү керек:

а) Кимдин тай казанына улак салынса, ошол команда негизги улак ташталчу тегерекке, жеткириши керек;

b) улак аутка чыккан учурда, улак кимдин такымында болсо ошол команда, улакты жекеме жеке тегерегине (кайсы тегерек жакын болсо) жеткириши керек;

с) улакты эки команданын улакчылары бирдей тартышып баратып аутка чыкса, эки командадан бирден улакчы улакты жекеме жеке тегерегине (кайсы тегерек жакын болсо) алып келиши керек;

d) Жалпы топко ташталган улак белгилүү бир убакытта эңилбесе, жекеме-жеке өтчү тегерекке (кайсы тегерек жакын болсо), эки командадан бирден улакчылар алып барып ташташы керек,

е) Бөлүктүк же жалпы убакыт бүткөн соң, улакты эки команданын бирден улакчысы негизги улак ташталчу тегерекке жеткирүүсү керек.

**Эскертме**: Арбитр же жардамчы калыстар жаңылып оюнду токтотушса, оюн ышкырыкка чейинки абалында уланат (командалардын капитандары арбитрга кайрылышып, оюн талаасындагы калыстар тобу алардын арызын канааттандырса оюн ышкырыкка чейинки абалда башталат).

**Эскертме**: Оюн учурунда командалар нааразычылыктарын капитандары аркылуу бир гана арбитрга билдире алышат. Ал эми арбитр өз кезегинде жардамчы калыстары менен бирге нааразычылыктарды кароого милдеттүү.

## 10. Жекеме жеке

10.1 **Кандай убакта жекеме-жеке өткөрүлөт:**

а) топко ташталган улакты 2 минутада эч ким эңип албаса;
b) улак аутка чыгып кетсе;
с) улакты тай казандын жанынан эңип алуу создугуп кетсе;
d) улак кыйчалыш, кооптуу жерлерде жатып калса;
е) жогоркудай убактарда улак кайсы жекеме-жеке тегерекке жакын болсо, ошол жекеме-жеке тегеректен оюн улантылат.

10.2 **Жекеме-жеке тегерегинин ичиндеги оюндун жүрүшү:**

а) Биринчи жекеме-жеке оюнуна кирүү алдында, кайсыл команданын улакчысы биринчи чыгаары чүчү кулак менен аныкталат. Кийинки жекеме-жеке алмак-салмак жүрөт;

b) Улакчынын жекеме-жеке тегерегинин ичинде туруусу:

- ар бир улакчы өз тай казан тарабында атайын чийилген чийиндин чегине маңдай-тескей келгенде, оюндун арбитрынын ышкырыгы менен башталат;

- улакты эңип алууга 1 минута берилет. Ортодогу жекеме-жекеде, улакчылар 1 минута ичинде улакты эңе алышпаса, алардын ордуна оюн талаасындагы улакчылардын ичинен башка экинчи жуп улакчылар чыгат. Эгерде, алар да бир минута ичинде улакты эңип алышпаса, улак жалпы топко ташталат.

**Кошумча:** жекеме-жеке үчүн берилген 1 минутада тегеректин сыртындагы улакчылардын алмашуусуна уруксат.

**Эскертме:** Эгерде жекеме жекедеги улакчылардын бири эрежени бузуп «айып мамыга» кетирилсе, каршылашы оюнду жалгыз улантып, улакты эңип алууга 1 минута берилет. Эгерде берилген убакыттын ичинде эңе албаса сырттагы улакчылардын кирүүсүнө уруксат берилет.

Улакчы улакты эңип алып оюнду жалгыз улантып жаткан учурда (каршылашы "айып мамыда") же ортодогу улакты эңген улакчыга каршылашы каршылык көрсөтпөгөн учурда 30 секунд ичинде тегеректен чыгып кетпесе, сырттагы улакчыларга кирүүгө уруксат берилет.

Ал эми эки улакчы улакты бирдей кармап тартышып турган учурда же бири эңип алып такымга басып, экинчиси каршылык көрсөтүп турган учурда убакыт чектелбестен, сырттагы улакчылар кирбестен оюн улана берет.

**11. Буллит**

11.1. Ар бир командадан төрттөн улакчы чыгат. Машыктыруучулар 4 улакчынын минген аттарын кезеги менен калыска жазып берүүсү тийиш.

Буллит аткарууда бир команданын улакчысы улакты тай казанга салууга аракет кылат, экинчи команданын улакчысы салдырбоонун аракетин кылат. Андан кийин эки атаандаш орун алмашат, мурун качканы – кубалайт, кубалаганы – качат.

Буллит учурунда арбитрга дагы 2 жардамчы калыс көмөктөшөт. Оюндун арбитры улак салына турган тай казандын тушунда туруп, салымдын эсептелүүсүн көзөмөлдөйт. Ал эми жардамчы калыстардын бири улакты алып кача турган улакчынын, экинчи жардамчы калыс кубалай турган улакчынын тушунда турат.

Буллит улак менен чабуул жасай турган улакчынын тушундагы жардамчы калыстын ышкырыгы менен башталат. Фальшстарт учурда кубалай турган улакчынын тушундагы жардамчы калыс ошол замат чабуул жасай турган улакчынын тушундагы жардамчы калыска билдирет, оюн калыстын ышкырыгы менен токтотулат.

Бир команданын улакчысы тай казандын жанында, экинчи команданын улакчысы улак менен, 20 метр алдыда турат. Оюндун жардамчы калысынын ышкырыгы менен 2 улакчы тең каршылаш тай казанды көздөй бет алышат. Улакты алып качкан улакчы кууган улакчыга жеткирбей, анын тоскоолдуктарына карабастан, улакты тай казанга аттан кулабастан салса салым саналат.

Кууган улакчы улакты алып качкан улакчыны жөөлөтүп тай казанга жолотпошу же улакты талашып салдырбашы керек. Улакчан улакчы тай казандан өтүп кетсе, кайра кайрылып сала албайт. Кубалаган улакчы артта калса, улакчан улакчы атын акырындата алат, ал эми жарыш учурунда улак менен бара жаткан улакчы токтоп, күүлөнүүнү бузганга укугу жок. Тай казанга секирүүгө тыюу салынат.

a) Буллит салынган учурда улакчы аттан жыгылып калса салым саналбайт.

b) Улакты ыргыткандан кийин тай казанга жөлөнүп (таянып, отуруп) алып кайра атка минген учурда бир буту үзөңгүдө болуусу, экинчи буту жерге тийбөөсү шарт.

c) Улакты ыргыткандан кийин улакчы ээрден ооп калган учурда буттары жерге тийбестен, кайра ондонуп ээрге отурса салым эсептелет.

Буллит аткарууда чабуулчу улакты тай казанга ыргыткан учурда, аны кубалап келаткан атаандашы аты менен урдуруп, же тебелеп кетпөөсү үчүн тай казандан өткөндөн кийин оюн талаасынан чыгып кетмейинче жыгылбай, ат үстүндө калышы негизги талап болуп саналат. Буллит учурунда улак менен бараткан улакчынын улакты тай казанга ыргытууга бир гана мүмкүнчүлүгү болот.

Андан кийин кууган улакчы улак менен качып, аны мурунку качкан улакчы кубалайт. Экөө тең буллитти аткарган соң, оюн талаасынан чыгып

кетишет. Буллит учурунда улакчыларды да, аттарды да алмаштырууга тыюу салынат.

**<u>Эскертме:</u>** Эгерде буллит учурунда улакчы же ат оор жаракат алса, анда ошол командадагы улакчыны же атты алмаштырууга уруксат берилет. Бирок, жаракат алган улакчы же ат гана алмаштырылат. Төрт жуптан кийин эсеп тең болсо, буллит чечүүчү салымга чейин созулат (бир жаңылганга чейин). Ар бир командадан бирден улакчы, бирден ат чыгат, бирок улакчы дагы, ат дагы мурда буллитке катышпаган болуусу шарт.

**<u>Эскертме:</u>** Эгерде командалардын курамында жарактуу ат же улакчы калбай калса, буллиттин 2-айлампасы башталат.

**11.2. Айып буллит**

а) Алмашуу туура эмес жүрүп, улак менен жалгыз чабуулга бараткан улакчынын алды тосулуп, улакты салдырбай койсо, каршы команданын тай казанына айып буллит дайындалат (чабуул жасап бараткан улакчынын астынан туура эмес алмашуудан кийин тосуп чыккан улакчыга, эреже бузгандыгы үчүн жаза катары берилет).

Айып буллитти аткарууда да ушул эреже сакталат жана буллитти улак менен чабуулга чыккан улакчы өзү жасап, аны эрежени бузган улакчы кубалашы керек. Эгерде ушул учурда чабуулчу менен эрежени бузган улакчы, же алардын минген аттары жаракат алып калса, анда буллитти оюн талаасындагы башка улакчылар бөлөк аттар менен аткарышат (жаракат алган улакчы же ат гана алмаштырылат).

**<u>Эскертме:</u>** буллит дайындалган учурда эрежени бузган улакчы «айып мамыга» кетпейт. Эгерде улак менен бараткан улакчы эрежени бузуп, алдынан чыккан улакчынын тоскоолдугуна карабай улакты салып кетсе, упай эсептелет. Ал эми эрежени бузган улакчы 2 минута «айып мамысына» кетирилет.

***b)*** Оюн учурунда чабуул жасап жаткан улакчыны, тай казанга нак салым жарала турган жагдайда каршылашы эрежени бузуп чабуулду токтотсо, улакты жөө туруп сыртка тартып алса **«айып буллит»** колдонулат. Мындай учурда эреже бузуу одоно болбосо айып буллит менен чектелет. Ал эми эреже бузуу одоно болсо, эрежени бузган улакчы жаза мамыга кетирилип, ордуна оюн талаасындагы бир өнөктөшү чыгып буллитте кубалайт (эгерде эреже

бузуудан кийин чабуулчу жаракат алып калса, ордуна оюн талаасындагы өнөктөшү булитте улак менен чабуул жасайт)

**12. Жеңүүчүнү аныктоо тартиби:**

12.1. Тайпалык оюндарда негизги убакытта жеңген команда 3 упайга, жеңилген команда 0 упайга ээ болот.

12.2. Кошумча убакытта же буллиттен уткан командага – 2 упай, утулган командага – 1 упай берилет.

12.3. Тайпада көп упай топтогон команда жеңүүчү болот;

**Эскертме:** Эгерде тайпалык оюндарда кайсы бир команда оюнга чыгуудан баш тартса, анда ал командага – 0 упай жана 0 салым берилет, каршылаш командасына 3 упай жана 3 салым берилет

12.4. Эгерде тайпада 2 команданын упайы тең болуп калса, бири-бири менен беттешүүдө жеңген команда тайпанын жеңүүчүсү деп таанылат.

12.5. Тайпада 3 же андан көп команда болуп, үчөөнүн упайлары тең болуп калса, ошол командалардын бири бири менен болгон өз ара оюндарынын сандык айырмачылык көрсөткүчтөрү гана каралат (упайлары тең болгон командалардан башка командалар менен болгон оюндардын жыйынтыктары эске алынбайт).

а) 3 команданын өз ара беттешүүлөрүндө салган жана салынган салымдардын сандык айырмачылыктары каралат;

**Эскертме:** эгерде тайпалык оюндарда командалардын упайлары тең болуп калып, салынган салымдардын айырмачылыктары эсептелсе, оюндардын негизги бөлүгүндө гана салынган салымдар эсептелет.

b) 3 команданын өз ара бетешүүлөрүндө көп улак салган команда;

c) 3 команданын өз ара беттешүүлөрүндө аз улак салдырган команда;

d) 3 команданын өз ара беттешүүлөрүндө улакчылары айып мамысына аз кеткен команда.

e) жогорудагы көрсөткүчтөрдүн баары тең болуп калса чучукулак кармалат.

12.6. Эгерде мелдеш олимпиадалык система менен өткөрүлсө, анда бардык атаандаштарын уткан команда жеңүүчү болот. Негизги убакыттын ичинде командалар тең чыгышса, кошумча 10 минута берилет. Кошумча 10 минутанын ичинде биринчи эсепти ачкан команда жеңүүчү болуп таанылат. Ал эми 10 минутанын ичинде эсеп ачылбаса – буллит өткөрүлөт. Тайпалык оюндарда дагы негизги бөлүктө тең чыгуу болсо кошумча 10 минута берилет.

**Эскертме:** мелдештердин регламентине ылайык негизги бөлүктөн кийин кошумча убакыт берилбестен дароо буллитке өтүүгө болот.

**13. Эреже бузуулар**

13.1. Антка талаптагыдай маани бербеген командага эскертүү берилет.

13.2. Улакчылардын алмашууларын капталдагы калыс көзөмөлдөйт. Улакчы оюн талаасынан чыга электе, башка улакчы оюн талаасына кирип кетсе, же алмашуу өтүүчү жерден чыкпай башка жерден чыгып, ордуна башка улакчы кирсе, эреже бузулат, ал улакчы 2 минута айып мамыга кетирилет.

**Эскертме:** оюн жүрүп жатканда оюн талаасында ашыкча улакчы болбоосу керек, ашыкча улакчынын оюнга таасири тийбесе дагы ашыкча кирген улакчы оюн талаасынан чыгарылып, ойноп жаткан улакчылардын арасынан бир улакчы айып мамыга жиберилет.

13.3. Айып талаачасына чабуул жасап жаткан улакчы киргенче, коргонуп жаткан команданын улакчылары чабуул койгон улакчыдан бир ат тулку боюнчалык мурун кирүүсүнө уруксат. Эгерде чабуул жасап жаткан команданын улакчылары баары айып талаачасынан чыгып кетишсе, коргонуп жаткан команданын улакчылары, калыстын эскертүүсүнөн кийин айып талаачасынан чыгып кетүүгө милдеттүү. Ал эми бул талап аткарылбаса коргонуп жаткан команданын бир оюнчусу 2 минута айып мамыга жиберилет. Эгерде чабуул жасап жаткан команданын бир эле улакчысы айып талаасында болсо коргонуп жаткан команда айып талаасынан чыгууга милдеттүү эмес.

13.4. Каршылашын токтотуу үчүн аны кол менен кармоого, каршылашынын атынын тизгинин тартууга, өнөктөшүнүн тизгинин тартымыш болуп, каршылаш улакчынын жолун тосууга, же улакчыны оодарууга аракет кылуу – 2 минута айып мамы менен жазаланат.

13.5. Улакты үзөңгү боого, чылбыр-тизгинге ороп алган улакчыга эскертүү жана 2 минута айып мамы берилет.

13.6. Эскертүүдөн кийин дагы баш кийимсиз ойноо – 2 минута айып мамы берүү менен жазаланат.

13.7. Улакчы улакты ээрдин кашына кайрыса – 2 минута айып мамы берилет.

13.8. Улакты жалдан ашырып эки жагынан басса – 2 минута айып мамы берилет.

13.9. Убакытты атайылап созуу:

a) каршы команданын оюнун бузуу үчүн улакты атайылап талаанын сыртына ыргытса.

b) аутка чыккан улакты тезинен алып келбесе.

c) калыстын эскертүүсүнөн кийин дагы улакты негизги улак ташталчу тегерекке туура эмес таштаса.

d) тайказанга салынган улакты улак ташталчу негизги тегерекке таштоону кечиктирсе,

жогорудагы учурларда улакчы– 2 минута айып мамы алуу менен жазаланат.

13.10. Улакчы атты башка чапса – 2 минута айып мамы берилет.

13.11. Улакты эңип жаткан улакчыны анын атын жөөлөтпөстөн туруп кокустан жеңил урдурса – 2 минута айып мамы берилет.

13.12. Улакчы улакты өңөрүп бараткан учурда, улактын моюну же шыйрагы чыгып калса, каршылаш улакчыга артынан улакты кармоого уруксат. Ал эми улак такымга басылган учурда, артынан кол салууга тыюу салынат. Эреже бузган улакчыга – 2 минута айып мамы берилет. Улакты өңөрүп бараткан улакчы такымга басса артынан кол салып келаткан улакчы тезинен улакты кое бериш керек.

13.13. Команданын капитаны оюндун арбитрынын (жардамчы калыстарынын) чечимине каршы болуп оюнду улантууга тоскоолдук жаратса 2 минута айып мамы берилет.

13.14. Күү менен катуу келаткан улакчынын бетмандайынан же туурасынан тосуп чыгып одоно эреже бузуу аракети болсо ( Ошол учурда урдуруу ишке ашпаса да, кооптуу учур түзгөндүгү үчүн) – 2 минута айып мамы берилет.

13.15. Күү менен катуу бараткан улакчынын 90° капталынан чыкса, урдуруу ишке ашпаса да, кооптуу учур түзгөндүгү үчүн - 2 минута айып мамы берилет.

13.16. Эгерде улакчы өз командасынын улакчысын кокусунан урдурса дагы – 2 минута айып мамы берилет.

13.17. улакчы «тай казандын» кырына туруп калган улакты жөө түртүп жиберсе же улак менен кошо «тай казандын» кырына туруп калган убакта улакты тай казанга түртүп түшүрүү аракетин көрсө – 2 минута “айып мамыга” жиберилет

**Эскертме:** Арбитр бир эле учурда бир команданын эки улакчысын тең оюндан четтеткен болсо, команда оюнду толук эмес курамда улантат.

Эрежени бузган улакчынын айып убактысы оюндун калысы ышкыргандан тартып эсептелет. Улакчы менен кошо анын минген аты да айып мамыда турат. Эгерде айып мамы таймдын аягында дайындалып, бүтпөй калса – калган убактысы кийинки таймда улантылат.

Эгерде бир убакта эки командадан бирден же андан ашык улакчылары айып мамысына жөнөтүлсө, салым салынса дагы айып убактылары бүткөнчө чогуу турушат.

**13.18. Жекеме-жеке эңиштеги эреже бузуулар**

a) Тегеректин ичиндеги улакчылар чийинден чыкмайынча сырттагылар кирүүгө болбойт, кирген улакчы 2 минута айып мамыга кетирилет;

**Эскертме:** Тегерек чийинден улак чыкмайынча башка улакчылар тегеректин ичине кирүүгө болбойт.

b) улакчы каршылашын тегерек чийинден чыгып келип урдурса – 2 минута «айып мамы»;

c) улакчы улакты эңип жатканда аны жөөлөтпөстөн улакты эңген жагынан урдурса – 2 минута айып мамы;

d) эңип аткан улакчыны үстүнөн басса – 2 минута айып мамы;

e) улакты эңип жатканда улакчыны аттын башы менен атайы урдурса – 2 минута айып мамы;

f) улакты эңип алган улакчы тегерек чийинден чыгып кеткенче каршылаш улакчы оюн талаасынан чыгып кетсе – 2 минута айып мамы;

g) көк бөрү эрежелерине туура келбеген кыймыл-аракеттердин бардыгы үчүн – 2 минута **айып мамы** (мисалы: каршылашын билектен, тизгинден кармоо ж. б.);

13.20. Улакты такымга басып жүргөн улакчыны эреже бузуу менен токтоткон улакчы – эреже бузуунун түрүнө жараша 2 же 4 минута «айып мамыга» жиберилет. Улак такымда басып келе жаткан улакчыда калып оюн эреже бузганга чейинки абалдан башталат. Эгерде улакты такымга басып келе жаткан улакчы жаракат алып, улакты кайра басууга мүмкүнчүлүгү болбой калса, оюн талаасындагы өнөктөрүнүн бири улакты такымга басып, оюн андан ары уланат. Ал эми улакты басып жүргөн улакчынын өнөктөштөрү эреже бузса, эреже бузуунун түрүнө жараша – 2 же 4 минута айып мамыга кетет, улак жалпы топко ташталат.

**Эскертме.** Оюн токтоп турган учурда дагы эрежеге туура келбеген аракеттер катталса арбитр эреже бузуунун оордугуна жараша 2 же 4 минутага айып мамыга кетирет.

**Эскертме.** Улакчылар улак жалпы топко ташталган убакта, же жекеме-жеке болуп жаткан учурда, жекеме-жеке тегерегинин сыртында бири бирин жөөлөтпөстөн одоно ат салышса эреже бузуу болуп эсептелет. Арбитр оюнчуну же улакчыларды эреже бузуунун оордугуна жараша 2 же 4 минутка айып мамыга жиберет.

**Эскертме.** Бардык 2 минуттук айып мамыдагылар, алардын командасынын тай казанына салым салынса оюнга тезинен аралаша берет. Эгерде айып мамыда турган улакчынын командалаштары салым салса, ал улакчы айып мамыдагы мөөнөтүн толук өтөйт.

**13.21.** Бардык одоно эреже бузууларга “**кызыл карточка”** көрсөтүлүп, 4 минуттук айып мамыга жиберилет.

Одоно эреже бузууларга төмөнкүлөр кирет:

a) эңип жаткан улакчыны жөөлөтпөстөн одоно урдуруу;
b) улак басып же өңөрүп келаткан улакчыны же улакчыларды бет маңдайынан чыгып одоно урдуруу;
c) улак басып же өңөрүп келаткан улакчыны жөөлөтпөстөн 90 градус капталынан чыгып одоно урдуруу;
d) каршылашын атайын күү менен келип одоно урдуруу;
e) топко күү менен келип кирүү;
f) калыстарга баш ийбөө;

g) каршылашын кол менен уруу, камчылоо;
h) каршылашын, командалаштарын уят сөздөр менен сөгүү;
i) бейбаштык кылуу;
j) мушташты баштоо, коштоо;
k) калыстарга карата эрежеге ылайык келбеген кыймыл аракеттерди жасоо (ат салуу, сөгүү, уруу, камчылоо ж.б.у.с.).

**Эскертме.** Кимге кызыл карточка көрсөтүлсө ал ошол оюндан аты менен кошо четтетилип оюн талаасынан чыгып кетүүгө милдеттүү. Анын ордуна командалаштарынын бири 4 минуттук айып мамысына жиберилет. 4 минуттук айып мамыда турган улакчылар канча салым салынса дагы айып мөөнөтү бүткөнчө айып мамыда турат.

**13.21.** Одоно эреже бузуудан кийин төмөнкү учурлар катталса кызыл карточка берилгенден кииийн тартип комиссиясы, тартип кодексине жана эрежеге ылайык, эреже бузуунун оордугуна жана түрүнө жараша бир жылга чейнки мөөнөткө оюндардан улакчыларды четтетет:

a) эреже бузуудан кийин улакчы же ат оор жаракат алып калса;
b) сөгүнгөндө, камчы көтөргөндө, мушташты баштаганда, коштогондо;
c) калыстарга карата эрежеге ылайык келбеген кыймыл аракеттерди жасаганда.

**Эскертме.** Эгерде кызыл карточка алган улакчы тартип комиссиясынын чечими менен бир оюндан көбүрөөк мөөнөткө четтетилсе, анын аты кийнки оюнга катыша берет.

**14. Калыстар тобу**

1- мелдештин башкы калысы
2- комментатор
3- протоколдук калыс
4- убакытты көзөмөлдөөчү калыс
5- командаларды көзөмөлдөн өткөрүүчү калыс
6- оюн талаасында оюнду көзөмөлдөөчү калыстар

**14.1. Башкы калыс**

- Мелдештин Башкы калысын Кыргыз Республикасынын «Көк бөрү» федерациясы дайындайт;

- Башкы калыс мелдештин бардык оюндарын ушул эрежеге, мелдештин жобосуна, регламентине ылайык көзөмөлдөйт;

- Башкы калыс ар бир оюн үчүн жалпы калыстар тобун өзү дайындайт;

- Башкы калыс калыстар комиссиясына жана калыстар тобуна төрагалык кылат;

- Оюн же мелдеш учурунда калыстар тобунун кайсы бир мүчөсү өзүнүн ыйгарым укуктарын аткара албай калган учурда анын ордун алмаштырууга укуктуу.

**14.2. Комментатор**

- Комментатор оюнду алып барып жатканда калыс, эреженин чегинде, элди бөлбөстөн, нарктуу сөздөр менен иштөөгө тийиш;

- комментатор эрежени толук билүүгө тийиш;

- комментатор оюндун жүрүшү боюнча көрүүчүлөргө так маалымат берүүсү тийиш.

**14.3. Протоколдук калыс**

- Командалардын тизмесин, эреже бузууларды, улакчылардын, калыстардын кемчиликтерин, салымдарды, нааразычылыктарды көзөмөлдөйт, тартип комиссиясына мүчөлүк кылат.

**14.4 Убакытты көзөмөлдөөчү калыс**

- Оюндагы убакытты мелдештин жобосуна ылайык көзөмөлдөйт.

- Оюн учурунда убакытты токтотууга укуктуу.

Оюн калысы төмөнкү учурларда оюндун убактысын токтотууга милдетүү:

1) эки команданын ортосунда түшүнбөстүк келип чыкса;

2) командалардын капитандары арбитрга нааразычылык билдирген учурда;

3) улакчы же ат оор жаракат алса;

4) оюнду токтотууга мажбур болгон башка учурларда;

Жогорудагыдай учурларда арбитрдын оюнду баштоо ышкырыгына чейин убакытты токтотот.

**14.5 Командаларды көзөмөлдөн өткөрүүчү калыс**

- Командаларды алардын билдирмелерине ылайык көзөмөлдөн өткөрөт;

-Улакчылардын формаларын, аттардын жабдыктарын эрежеге шайкеш келүүсүн көзөмөлдөйт;

- Калыстар комиссиясына мүчөлүк кылат.

**14.6. Оюн талаасында оюнду көзөмөлдөөчү калыстар**

-Арбитр

- Улакчылардын алмашуусун жана өз тарабындагы аутту көзөмөлдөөчү калыстар

- Офсайтты көзөмөлдөөчү калыстар

Оюндун жүрүшүн оюн талаасында арбитр жана 4 жардамчы калыс көзөмөлдөйт. Жардамчы калыстар оюндун арбитрына баш ийишет. Оюн талаасында бир гана арбитр ышкырууга укуктуу. Оюн калыстын ышкырыгы менен башталат жана калыстын ышкырыгы менен аяктайт. Бул аралыкта оюндун жүрүшүнө калыстардан башка эч кимдин кийлигишүүгө акысы жок.

**Арбитрдын укуктары**:

- оюн учурунда эрежени толук иштеткенге (улакчыларды жазалаганга).

- улакчылар, командалар арбитрдын чечимине баш ийбеген учурда аларга тартип кодексине жана эрежеге ылайык чара көрүү үчүн мелдештин Калыстар комиссиясына кайрылууга укуктуу.

**Арбитрдын милдеттери**:

- оюн талаасындагы эки команданы калыс кароого;

- оюндун жүрүшүн эрежелердин негизинде гана жүргүзүүгө;

- командалардын капитандарынын наразычылыктарын жардамчы калыстары менен бирге кароого жана аларды адилеттүү чечүүгө;

**Улакчылардын алмашуусун жана өз тарабындагы аутту көзөмөлдөөчү калыстар:**

- эки калыс дыкаттык менен улакчылардын алмашуусун жана өз тарабындагы аутту эреженин негизинде көзөмөлдөөгө милдеттүү. Улакчылардын алмашуу учурунда эреже бузуу болсо же аут катталган учурда тезинен арбитрга билдирүүлөрү керек.
- Командалардын капитандары наразычылык билгизген учурда арбитрга эреженин негизинде көмөктөшүүгө милдеттүү.

**Офсайтты көзөмөлдөөчү калыстар**

- 2 жардамчы калыс – аут жана офсайтты көзөмөлдөйт;
- айып талаачасындагы оюндун жүрүшүн көзөмөлдөөгө арбитрга жардам беришет;
- Командалардын капитандары наразычылк билгизген учурда арбитрга эреженин негизинде көмөктөшүүгө милдеттүү.

**14.7. Калыстардын жоопкерчилиги:**

- Арбитр жана анын жардамчы-калыстары тартип комиссиясы тарабынан анын чечимдерине ылайык жоопкерчилике тартылат.

## 15. Калыстар комиссиясы

15.1 Калыстар комиссиясынын укуктары жана милдеттери:

- оюн учурунда катталган эрежеге туура келбеген көрүнүштөргө, чыр-чатактарга дароо чара көрүү;

- зарыл учурда оюнчуларды же командаларды оюндан, мелдештен четтетүү боюнча чечим чыгаруу.

15.2. Калыстар комиссиясы улакчыларды же командаларды өтүп жаткан мелдештен гана четтете алат. Ал эми улакчыларга жана

командаларга кошумча чара көрүү үчүн Тартип комиссиясына кайрылат.

15.3. Калыстар комиссиясынын курамы:

- Мелдештин Башкы калысы –Комиссиянын Төрагасы;
- Башкы калыс тандаган эрежени жакшы билген адис;
- Маалымдоочу комментатор-калыс- Комиссиянын катчысы;
- Командаларды көзөмөлдөн өткөрүүчү калыс
- Оюндун арбитри

**16.** Тартип комиссиясы

16.1 Тартип комиссиясынын максаты:

- оюн учурундагы жана оюндан кийинки тартип бузууларды териштирүү;
- эреже бузгандарга дисциплинардык чара көрүү;
- улакчылар менен командалардын жоопкерчилигин тактоо.

16.2. Тартип комиссиясынын ыйгарым укуктары жана милдеттери:

- улакчылардан, командалардан келип түшкөн арыздарды жана Калыстар комиссиясынан келип түшкөн кайрылууларды карап чыгуу;
- далилдерди (күбөлөрдүн көрсөтмөлөрүн, видеофайлдарды, калыстардын көрсөтмөлөрүн) карап чыгып объективдүү баа берүү;
- жеңил же оор тартип бузуулардын деңгээлин аныктоо;
- улакчыларга, машыктыруучуларга, жетекчилерге, командаларга, калыстарга дисциплинардык чара көрүү;
- берилген кызыл карточкалардын мөөнөтүн кароо.

16.3. Тартип комиссиясы арыздарды жана кайрылууларды келип түшкөн убактан тартып 24 сааттын ичинде карайт.

16.4. Тартип комиссиясы көрө турган чаралар:

- улакчыларга, командаларга, жетекчилерге, калыстарга, машыктыруучуларга финансылык санкцияларды салуу;
- улакчыларды, командаларды, жетекчилерди, калыстарды, машыктыруучуларды бардык Кыргыз Республикасынын Көк бөрү федерациясы тарабынан өткөрүлгөн мелдештерден бир жылга чейин четтетүү.

16.5. Тартип комиссиясынын ишине сырттан кийлигишүүгө жол берилбейт жана Тартип комиссиясынын чечимдери даттанууга жатпайт.

16.6. Тартип комиссиясы эрежеден тышкары мелдештердин жоболоруна, регламенттерине ылайык ушул эрежелерде бекитилген ыйгарым укугунан тышкары маселелерди карап, кошумча жазаларды колдонууга укуктуу.

16.7. Тартип комиссиясынын курамы:

- Кыргыз Республикасынын Көк бөрү федерациясынын аткаруучу директору -Комиссиянын төрагасы;
- Эреже жана юридикалык маселелер боюнча адис – Комиссиянын катчысы;
- Көк бөрү эрежелерин жакшы билген адис;
- Видео-техникалык талдоочу;
- Мелдештин протоколдук калысы.